## Бул китеп 3 бөлүккө бөлүнгөн.

**1-БӨЛҮК: БАЛА ЖАНА АНЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮ МЕНЕН ИШТӨӨ** (1–42-бөлүмдөр)

Китептин эң узун бул бөлүгү 5 **үлүштөн** турат:

**А үлүшү** (2–5-бөлүмдөр): китептеги **маалыматтарды колдонуу боюнча ойлор жана сунуштар;** жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар менен иштөөгө арналган **баштапкы маалыматтар.**

**Б үлүшү** (6–33-бөлүмдөр): **ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген конкреттүү илдеттер** боюнча кенен маалыматтар.

**В үлүшү** (34- жана 35-бөлүмдөр): **физикалык жана/же акыл-эс өрчүүсү артта калган балага жардам берүү** тууралуу.

**Г үлүшү** (36–41-бөлүмдөр): өзгөчө көйгөйү бар балдарга **өз алдынча**раак болуусуна жардам берүү жөнүндө.

**Д үлүшү** (42- жана 43-бөлүмдөр): атайын **көнүгүүлөрдү** үйрөнүү тууралуу; **балдактарды, таяктарды жана дөңгөлөктүү отургучтарды пайдалануу ыкмаларын камтыйт.**

**2-БӨЛҮК: ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМЧО МЕНЕН ИШТӨӨ** (44–55-бөлүмдөр)

- **коомчолук программаны уюштуруу,** жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын муктаждыктарын канааттандырууга жергиликтүү коомчону катыштыруу боюнча ойлор

**3-БӨЛҮК: УСТАКАНАДА ИШТӨӨ** (56–67-бөлүмдөр)

- **устакананы** уюштуруу жана реабилитациялык көмөкчү каражаттарды, дөңгөлөктүү отургучтарды, ортездерди жана жабдууларды жасоо боюнча сунуштар

## БЕТТЕРГЕ ШИЛТЕМЕЛЕР БОЮНЧА ИЗДӨӨ

Негизи, конкреттүү илдет каралган бөлүмдө баланын муктаждыктарын канааттандырууга керек болгон бардык маалымат камтылган эмес. Аны китептин башка бөлүмдөрүнөн да издөөгө туура келет. Кайдан издөө керектигин аныктоо үчүн, бир нече жолу бар:

- Кайсы гана бөлүмдү болбосун окуп жатып, “(471-бетти караңыз.)” деген сыяктуу, китеп беттерине шилтемелерди сөзсүз кездештиресиз. Бул, каралып жаткан тема боюнча кошумча маалыматты көрүү үчүн, китептин 471-бетин ачуу керектигин билдирет.
- Конкреттүү илдет же тема боюнча маанилүү маалымат келтирилген, китептеги ар бир жерди табуу үчүн, **АЛФАВИТТИК КӨРСӨТКҮЧ**тү пайдаланыңыз.
- Тема менен андан ары таанышуу абдан чоң мааниге ээ болгон айрым бөлүмдөрдүн аяктарында китептин башка бөлүктөрүнө көрсөткөн шилтемелери бар тизме келтирилген. (Мисалы, 75-бетти караңыз.)


**Шилтемелерди пайдаланып, керектүү маалыматты издегенди үйрөнүп алууңуз абдан маанилүү. Бул билимди иш жүзүндө колдонууну унутпаңыз.** Антпесе, баланын муктаждыктарын канааттандырууга жардам берүү үчүн иштелип чыккан маалымат толук болбой калат.

**ЭСИҢИЗДЕ БОЛСУН! Бул китепти кантип колдонуу керектигин үйрөнүп алуунун эң мыкты жолу – тажрыйбалуу реабилитологдордун жетекчилиги астында белгилүү бир убакыт иштөө.**

Терапияны кызыктуу жана таасирдүү кылуу жолдору.



Ортезди жана протезди жергиликтүү коомчодо жасоо.



Оюнчук жасоо.




***Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды реабилитациялоо*** – өзгөчө муктаждыктары бар балдарын бакубат өмүр сүрүүсүнө кызыкдар болгон бардык адамдар, айрыкча ресурстары чектелүү болгон айыл жергесинде жашагандар үчүн маалыматтарды жана сунуштарды камтыган китеп. Китеп жергиликтүү коомчолордо иштеген реабилитациялык программаларга жардам берип жүргөн терапевттерге жана кесипкөй адистерге, мындан тышкары, үй-бүлөлөр жана коомчолордогу башка кызыкдар адамдар менен билимин бөлүшүүнү каалагандарга деле пайдалуу болот.

Дэвид Вернер тарабынан, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жана көптөгөн өлкөлөрдөгү реабилитациялык иштин жол баштоочуларынын катышуусу менен жаратылган бул китеп ***"Үй-бүлөнүн ден соолугу үчүн"*** жана ***"Коомчолордогу медициналык-санитардык кызматчылардын билим деңгээлин жогорулатууга жардам берүү"*** деп аталган, автордун буга чейинки китептеринин стилинде жана деминде жазылган. Китеп балдарда ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттердин эң көп кездешкендери: физикалык бузулуулардын көптөгөн түрлөрү, сокурдук, дүлөйлүк, талма, жүрүм-турум көйгөйлөрү жана өрчүп өнүгүүсүндө артта калуу жөнүндө түшүнүктүү, жөнөкөй, бирок ошол эле учурда толук маалыматтарды камтыйт. Китепте реабилитациялык ишти жөнөкөйлөштүрүү, кымбат эмес көмөкчү каражаттар, өзгөчө көйгөйү бар балдарга коомчосунда өз ордун табуусуна жана коомчосу тарабынан кабыл алынуусуна жардам берүү жолдору боюнча сунуштар бар.

Баарынан мурун, бул китеп мындай балдардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жооптордун көпчүлүгүн жергиликтүү коомчонун, үй-бүлөнүн ичинен жана ошол балдардан эле табууга мүмкүн экенин түшүнүүбүзгө жардам берет. Китепте өзгөчө көйгөйү бар адамдар өздөрү же мындай көйгөйлөрү бар балдардын үй-бүлөлөрү иштеткен коомчолук реабилитациялык чакан программаларды жана устаканаларды уюштуруунун ар түрдүү жолдору каралган.

Китептеги 4000ден ашык колго жана 200дөн ашык фотоаппаратка тартылган сүрөттөр китепте камтылган маалыматтарды атүгүл мектепте көпкө окубагандар үчүн да түшүнүктүү кылат.

Көп учурган илдеттерди аныктоо жана жеңилдетүү.




Күндөлүк тиричилик үчүн ык-жөндөмдөрдү өрчүтүү.



Бардык балдар үчүн оюн аянтчалары.



Жүрүм-турум көйгөйлөрү жана аларды оңдоо.



Сокур жана дүлөй балдар үчүн ык-жөндөмдөр.





Жумуш жасоо үчүн мүмкүнчүлүктөр жана жасалгалар.



Негизги муктаждыктарды канааттандыруу үчүн жөнөкөй жолдор.



Үйдү жана жергиликтүү коомчону ыңгайлоо.




Кымбат эмес көмөкчү каражаттар.



Балдар балдарга жардам беришет ("БАЛА балага" программасы).



Өзгөчө көйгөйү бар балдардын жөндөмдөрүнө сый-урмат менен мамиле кылуу.



Эрте өнүгө баштоосуна түрткү берүү.



Ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттин алдын алуу.



Колго жасалган дөңгөлөктүү отургучтар жана тактaлар.